# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2018-жылдын 26-майы № 55

## Салыктык эмес кирешелер, ички аудит маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларын күчүн жоготту деп таануу жөнүндө

2018-жылдын 26-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.**

Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 3, 69-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-статьянын 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргызпатенттин ишин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.";

2) 34-статьянын 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Мамлекеттик фондду каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.";

3) 37-статьяда:

а) 2-бөлүгүндө "Кыргызпатентке" деген сөз "республикалык бюджетке" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын.

**2-берене.**

"Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 3, 68-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьянын 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргызпатенттин ишин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.";

2) 39-статьяда:

а) 1-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү алып салынсын;

б) 3-бөлүгүндө "Кыргызпатентке" деген сөз "республикалык бюджетке" деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 4-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын.

**3-берене.**

"Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., № 1, 10-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

15-статьянын 3-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын.

**4-берене.**

"Салттуу билимдерди коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., № 7-9, 685-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-статьянын 2-бөлүгүнүн 4-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 8-статьянын 5-бөлүгүндө "же Салттуу билимдерди пайдалануунун системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондуна" деген сөздөр алып салынсын;

3) 14-статьяда:

а) 3-бөлүгүндө "же Салттуу билимдерди пайдалануу системасын өнүктүрүү мамлекеттик фондусуна" деген сөздөр алып салынсын;

б) 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Мында келишимде каралган салттуу билимдерди пайдалангандыгы үчүн Жергиликтүү шериктештикти өнүктүрүү фондуна төлөмдөрдү чегерүү жыйырма пайыздан кем эмести түзүүгө тийиш.".

4) 16-статьяда:

а) статьянын аталышында "Фондулар" деген сөз "Фонд" деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

в) 3-бөлүгүндө "Фондуларды" деген сөз "Фондду" деген сөзгө алмаштырылсын.

**5-берене.**

"Суу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-ж., № 2, 64-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

43-берененин 1-бөлүгүнүн бешинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**6-берене.**

"Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 4, 193-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 36 жана 37-статьялар күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 51 жана 51-1-статьялар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"51-статья. Каражаттарды бөлүштүрүү

Каттоо органдарынын ишинен келип түшүүчү каражаттар каттоо тутумунун иштөөсү боюнча чыгымдарды жабууга багытталат.

51-1-статья. Укуктарды мамлекеттик каттоонун бирдиктүү тутумун каржылоо булактары

Укуктарды мамлекеттик каттоонун бирдиктүү тутумун каржылоо булактары болуп төмөнкү каражаттар саналат:

- республикалык бюджет;
- мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө төлөөдөн түшкөн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.".

**7-берене.**

"Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., № 10, 370-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

20-статьянын 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Калдыктарды жайгаштыруу үчүн акы алуудан келип түшкөн каражаттар жаратылышты коргоо иш-чараларына пайдалануу үчүн республикалык бюджетке жөнөтүлөт.".

**8-берене.**

"Кыргыз Республикасындагы биосфералык аймактар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 11, 447-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 7-статьянын 2-бөлүгүндө "жана башка булактардын" деген сөздөр алып салынсын;

2) 8-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8-статья. Каржылоо

Биосфералык аймактардын иштеши боюнча иш-чараларды каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүргүзүлөт.".

**9-берене.**

"Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 11, 452-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-статьянын кырк үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 6-статьянын 1-бөлүгүнүн он биринчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 15-статьянын 5-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Зыяндуу заттарды абага чыгаруу, агызып чыгаруу, таштандыларды жайгаштыруу үчүн акы юридикалык жана жеке жактар тарабынан республикалык бюджетке чегерилет.";

4) 34-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"34-статья. Жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоо

Жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүргүзүлөт.";

5) 35-статья күчүн жоготту деп таанылсын;

6) 38-статьянын 7-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Өзгөчө экологиялык кырдаал жана экологиялык кырсык зоналарын калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды каржылоо түздөн-түз күнөөлүүлөрдүн каражаттарынын эсебинен, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү

бюджеттердин максаттуу каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.";

7) 40-статьянын он төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- экологиялык камсыздандыруу тартибин бекитүү;";

8) 54-статьяда:

а) 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Соттун чечими боюнча өндүрүлүүчү зыяндын суммасы республикалык жана (же) жергиликтүү бюджетке чегерилет.";

б) 6-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Жарандардын ден соолугуна келтирилген зыян үчүн акчалай каражаттардын суммасы зыян келтирген жактан же ал өкүлү болгон ишканадан, мекемеден, уюмдан өндүрүлөт, ал эми аларды аныктоо мүмкүн болбогондо - тиешелүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен өндүрүлөт.".

**10-берене.**

"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 1, 25-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-берене төмөнкүдөй мазмундагы 9-пункт менен толуктадсын:

"9) ички аудитордун квалификациялык сертификаты - ички аудит жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилген, ички аудитти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон, ички аудитордун билим деңгээлин бышыктоочу документ.";

2) 10-берене төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт менен толуктадсын:

"8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте ички аудиторлорду сертификаттоону жүргүзөт.";

3) 17-беренеде:

а) беренени аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Ички аудиторду дайындоо тартиби";

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы 1-1-бөлүк менен толуктадсын:

"1-1. Ички аудитордун кызмат ордуна жогорку экономикалык билими жана экономикалык адистик боюнча бир жылдан кем эмес иш стажы же башка жогорку (экономикалык эмес) билими жана экономикалык адистик боюнча үч жылдык иш стажы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген ички аудиторлордун кесиптик деңгээлине карата талаптарга ылайык ички аудитордун квалификациялык сертификаты бар Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат.".

**11-берене.**

Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 1-июнундагы № 71 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 9, 321-ст.);

2) "Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 17-октябрындагы № 231 Мыйзамынын 9-беренесинин 23-бөлүгү (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 8, 923-ст.);

3) "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 23-июнундагы № 52 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 6, 547-ст.);

4) "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 14-мартындагы № 12 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., № 3, 2005-ст.);

5) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-августундагы № 211 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., № 7, 1047-ст.);

6) "Лотереялык ишти жөнгө салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 10-майындагы № 79 Мыйзамынын 5-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., № 5, 397-ст.).

**12-берене.**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — **С. Жээнбеков**